УДК: 82-1. (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-509-518

**Каныбекова А.К.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
ainur_k_779@mail.ru

# КЫРГЫЗДАРДЫН САНАТ, НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНДАГЫ ДҮЙНӨ ТААНУУ ТҮШҮНҮГҮ

**Аннотация:** Макала кыргыз элинин санат, насыят ырларында дүйнө таануу түшүнүгү кандай чагылдырылгандыгы, жаралыш тарыхы, алар тууралуу кайсы булактарда маалыматтар камтылгандыгынан тарта, кыргыз акындары кандай өнүктүрүп-өстүрүп келгендиктерин талдоого арналган.

Дүйнөтаануу категориясынын фольклордук чыгармаларда, анын ичинде санат ырларында пайда болушу, калыптанышы жана жаңыланышы маселелери илимий анализге алынат.

Санат, насыяттар акыл айтуу, тарбиялоо милдеттин гана аткарбастан кыргыздардын көп кылымдык жана көп катмарлуу тарыхында көптөгөн кырдаалдарды башынан өткөргөн улуу эл болгондугу, жашоо образы, руханий, материалдык эмес маданияты, ишеними, каада-салты, тили, жашаган территориясы ал мезгилде кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгондугу тууралуу мааалыматтарды да билүүгө көмөктөшөрү мисалдар менен такталып берилет.

Теманы тарыхый булактардын жана этнографиялык материалдардын негизинде жанрдын эволюциясын комплекстүү илимий анализдөөгө аракет жасадык. Жанр XIX кылымдан башынан тарта акындар чыгармачылыгында кеңири орун алып, жакшы өнүккөн. Бул макалада дал ушул багытта изилдөө жүргүзүлүп, санат, насыят ырларында чагылдырылган ар кыл маселелер, проблемалар салыштырма-типологиялык методологияда изилденип, илимий анализдин көмөгүндө ачып берилет.

**Негизги сөздөр:** *доор, инсан, тагдыр, тарых, ой-жүгүртүү, ойчул, санат, насыят, чындык.*

**Каныбекова А.К.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
ainur_k_779@mail.ru

# КОНЦЕПЦИЯ МИРОПОЗНАНИЯ В САНАТАХ (МУДРОЕ ИЗРЕЧЕНИЕ) И НАСЫЯТАХ (СОВЕТЫ) КЫРГЫЗОВ

**Аннотация:** Статья посвящена анализу того, как кыргызские поэты развивали и взращивали концепцию мировой науки, истории их создания и какие источники содержат сведения о них (народах) в санатах (мудрое изречение), насыятах (советы) кыргызского народа.

Научно анализируются вопросы возникновения, становления и обновления категории мироведения в фольклорных произведениях, в том числе санатских (мудрое изречение) песнях.

Санаты (мудрое изречение), насыяты (советы), не только выполняют задачу изложения мудрости, воспитания, но и показывают, что кыргызы были великим народом, испытавшим множество ситуаций в многовековой и многослойной истории, их образ жизни, духовность, нематериальную культуру, веру, традиций, язык, также поясняются примерами, помогающими узнать информацию о том, какими особенностями территории проживания в то время обладали.

Постарались комплексно проанализировать эволюцию жанра на основе исторических источников и этнографических материалов. Жанр был широко распространен и хорошо развит с начала XIX века в творчестве поэтов.

В данной статье проводятся исследования в этом направлении, а различные вопросы и проблемы, отраженные в песнях санатах (мудрое изречение) и насыятах (советы), изучаются в сравнительно-типологической методологии и выявляются с помощью научного анализа.

**Ключевые слова:** *эпоха, личность, судьба, история, мышление, мыслитель, санат (мудрое изречение), насыят(советы), истина.*

**Kanybekova A.K.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
ainur_k_779@mail.ru

## THE CONCEPT OF WORLD RECOGNITION IN SANATAS (WISE SAYING) AND NASYATS (ADVICE) OF KYRGYZ

**Annotation:** The article is devoted to the analysis of how Kyrgyz poets developed and nurtured the concept of world science, the history of their creation and what sources contain information about them (peoples) in sanatas (wise saying), nasyats (advice) of the Kyrgyz people. The issues of the emergence, formation and renewal of the category of world studies in folklore works, including sanata (wise saying) songs, are scientifically analyzed.

Sanats (wise saying), nasyats (advice), not only perform the task of presenting wisdom, upbringing, but also show that the Kyrgyz were a great people who experienced many situations in a centuries-old and multi-layered history, their way of life, spirituality, intangible culture, faith, traditions, language, are also explained by examples that help to find out information about what features of the territory of residence at that time possessed.

We tried to comprehensively analyze the evolution of the genre based on historical sources and ethnographic materials. The genre has been widespread and well developed since the beginning of the 19th century in the work of poets.

This article conducts research in this direction, and various questions and problems reflected in the songs of sanatas (wise saying) and nasyats (advice) are studied in a comparative typological methodology and identified using scientific analysis.

**Key words:** *era, personality, fate, history, thinking, thinker, sanat (wise saying), nasyat (advice), truth.*

Кыргыздар байыркы эл катары тарыхка изин калтыра алган, көп кылымдык жана көп катмарлуу этносаясий тарыхында көптөгөн кырдаалдарды башынан өткөргөн улуу эл болгон, байыркы доордон бери карай көчмөн эл катары жашап, текши кат-сабаты жоюлбаса да көчмөн элдин цивилизациясын башынан өткөргөн. Кыргыздардын кандай жашоону баштарынан кечиргендери, дүйнө түшүнүгү, маданияты, ишеними, каада-салты, акыл-насааты, философиясы кандай болгондугу атайын тарыхый булактарга жазылып, сакталып калбагандыгы менен алардын баары элдик оозеки чыгармачылыгында орун алган.

Улут көп кылымдык тарыхты басып өткөн сыяктуу элдик оозеки чыгармачылыгы да өтө узак доорлорду басып өтүп, руханий булагы катары, поэтикалык булак катары кызмат кылган. "Манас" баштаган баатырдык эпостордон тартып, "Курманбек", "Кедейкан" сыяктуу кенже эпосторун, поэмаларын, элдик ырларын алып көрөлүчү кандай зор байлык камтылып жатат.

"Кыргыз эли эпикалык чыгармаларга өтө бай. Кыргыз элинин эпикалык жанры кеңири өнүккөндүгү жөнүндө өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары орус окумуштуусу – академик Радлов тарабынан таамай белгиленген. Эпикалык чыгармаларды кыргыз элинин ар түрдүү кырдаалдардагы башынан өткөн турмушу, көз карашы, маданий абалы, башка калктар менен болгон мамилеси, салты жана келечектен күткөн тилеги кеңири сүрөттөлгөн. Элдин турмушунун эпикалык чыгармаларда кеңири берилиши – анын идеялык мазмунун байлыгына, тематикаларынын ар түрдүү болушуна алып келген" – деп айтылгандай кыргыз эли элдик оозеки чыгармачылыкка бай. Мына ушул өткөн доордун эстелиги өзүнө мүнөздүү узак эволюциялык жолду басып өтүүдө жаңыланууга дуушар болуу менен мазмуну тереңдеп, түрдүү мотивдер, көркөм каражаттар менен жабдылып, баштапкы формасы өзгөрүлүп, жаңы сапатка көтөрүлүп, жүрүп отурган [1, 285-б.].

Тактап айтканда, көчмөн доорунда көркөм сөз искусствосу тарыхын чагылдыруу менен жашоосунун бардык тарабын коштоп жүргөн, маселен, айтуучулук менен ырчылык өнөрүн адамдардын жөн гана угуу менен коздук катары кабыл алуудан сырткары турмуштук муктаждыктан да келип чыккан зарылдык болгон. Мына ушул муундан муунга өтүп келе жаткан фольклордук чыгармаларда, анын бир бутагы болгон санат, насыят ырларында байыркы доордон баштап XX кылымга чейинки кыргыз көчмөн цивилизациясынын тарыхын, турмуш тиричилигин жана эң башкысы дүйнө таанымын чагылдырып, коллективдүү чыгармачылык да, индивидуалдуу чыгармачылык катары да жашап келген:

Кызаргандын баарысы
Манат болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы
Адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы
Санат болот турбайбы.

Аттууну коюп, жөөнү айтам,
Арбак конгон дөөнү айтам.
Катар-катар лөктү айтам,
Калп айтпаган төптү айтам – деп,

улуу Калыгул акын айткандай, санат, насыят ырлары кыргыз фольклорунун башка жанрларына салыштырганда акылман ойлорду, эл арасынан чыккан акылман адамдардын дүйнө таануу маанайындагы түшүнүк-категорияларды, элдик философияны, этнопедагогиканы өзүнө камтып турат.

Башта десең санаттан,

Башынан айтып берейин – деп башталган санат ырларында тек гана бир нерсе тууралуу айтуу, же акыл айтуу, тарбиялоо жөнүндө гана айтылбастан, турмуш тууралуу, чындык тууралуу дүйнө түшүнүк, көз караш анализге алынат. Санат ырларында сюжеттик өзөк, окуянын өнүгүшү, атайын каарман болбойт, алардын ордуна адамдагы жакшы-жаман сапаттар, терс көрүнүштөр айтылып өтөт да, акыл-насаат айтуу, тарбиялоо идеясы орун алат. Байкалып тургандай, санат ырларында сюжеттик өзөктүн, окуянын, атайын каармандын ордуна адамдагы жакшы-жаман сапаттар, терс көрүнүштөр айтылып өтөт да, акыл-насаат айтуу, тарбиялоо идеясы орун алат. Мисалы, "Дүнүйө" деген элдик санат ырында:

Дүнүйө кызыл кырчын талдайсың,
Дүнүйө токсонго чыккан чалдайсың.
Шекер менен балдайсың
Бал татыган талдайсың.
Келеринде дүнүйө Терезелүү айнексиң,
Кетеринде дүнүйө
Суу койсо да токтобос,
Түбү түшкөн чайнексиң.
Келеринде дүнүйө
Казандагы майдайсың,
Кетеринде дүнүйө
Какшып калган сайдайсың.
Келеринде дүнүйө
Кысыр эмди тайдайсың,
Кетеринде дүнүйө
Суу акпаган сайдасың.
Келеринде дүнүйө
Булуттан тийген күндөйсүң,
Кетеринде дүнүйө
Караңгы түшкөн түндөйсүң [2, 82-б.].

– кыргыздардын байыркы доордон бери келе жаткан дүйнө түшүнүгү, көз карашы карама-каршы маанайдагы, жакшылык менен жамандык категориялары жанаша сүрөттөлүү менен салыштыруулар аркылуу көрсөтүлгөн жана турмуш тууралуу философиялык түшүнүк берилген.

Мына ушуга окшогон санат, насыят ырлары адегенде элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасында калыптанып, кийинчерээк акындардын тажрыйбасынан, гумандуулук ойлорунан улам жаралып, учкул сөздөр менен коштолуп, даанышмандык менен айтылган, элестүүлүккө жеткен. Акырындап отуруп, санат-насыят, терме, ырларды жаратуунун атайын калыптанган мектеби жаралган.

Санат, насыят ырларында адамдын дүйнөгө, турмушка карата көз карашы, дүйнө, коом тууралуу түшүнүк курч сөздөр менен акыл, насыят иретинде айтылат, албетте, мындай ырлардын тарбиялык максаты да жогору болот, ошондуктан ал терме ырлар деп да аталып жүрөт.

Бирок айта кетүүчү нерсе санат-насыят ыры бир гана тарбия берүүчүлүк (дидактика) менен чектелбейт, ал философиялык маанини да камтышы керек, а мындай татаалдыкка жетиш үчүн ыр поэтикалык жактан мыкты курулушка ээ болушу кажет. Ушул себептүү тарбиялык маани-маңызы терең болот да элге акыл-насаат түрүндө айтылат.

Санат, насыят ырларын кээ окумуштуулар “кара ыр” деп аташкан; мунун себеби, мындай ырлар адегенде эч кандай музыкалык инструментсиз, атайын обонсуз, өзүнө гана тиешелүү ыргакта айтылгандыгына жана кара сөзгө жакын болгондугуна байланыштуу болгон. Мындай көз карашка каршы: “Кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинде белгилүү темада (карылык, жакшы аял, жаман аял деген өңдүү) формасы санат (насият) ырларга окшош ырлар бар. Андай ырлар кыргызда кара ыр деп аталат. Кара ырды санат ырлар менен чаташтырууга жарабайт» деген пикирлер да бар.

“Санат, насыяттар лирика жанрынын түрүнө киргени менен анын башка түрлөрүнөн (дин, сүйүү, балдар, эмгек, арман, кошок ырларынан) санат насыят ырлары философиялык ой жүгүртүүлөрү менен айырмаланып турат, бул ырларда нускалык (дидактика) үгүт, үлгү ойлор күчтүү жана кеңири берилет.

Аталган элдик лирикалардын ичинен философиялык лирика кыргыз фольклорунда өтө кеңири өнүгүп, аларды жаратуучулар, аткаруучулар, өнүктүрүп сактоочулар эл ичиндеги белгилүү чыгармачылык жөндөмгө ээ болгондор — ырчылар, төкмөчүлөр, турмуштук мол тажрыйбага ээ карыялар, энелер, тагдыры кызыктуу белгилүү инсандар болушкан. Философиялык лириканын азыктанган булактары - учкул сөздөр, акылман ойлор, фразеологиялык афоризмдер, макал-лакаптар болуп, аларды чыныгы поэзиянын көркөм ыргагына — төкмөлүк өнөрдүн күчүндө кадимки элдик салт ырларына айландырганда «Санат», «Насыят», «Терме», «Үлгү», «Нуска» формаларын пайда кылган. Бул көркөм формалар кыргыз фольклорунун тарыхында лексикалык мааниси жагынан бири-бирине табигый жактан айкалышып, элдик философияны түздөн-түз алып жүргөн жана анын милдетин так аткарган өзүнчө толук иштелген бир жанрдын түбөлүккө жашашына мүмкүнчүлүк ачкан”– деп, аныктама берилгендей, бул жанр элдик философияны учкул сөздөр, макал-лакаптар менен туюндуруучу зор касиетке ээ [3. 5-б.].

Мына ушул себептүү кыргыздын легендарлык акындарынан тартып, Жусуп Баласагын баштаган акылман, ойчулдар, Жээренче Чечен, Акыл Карачач, Кожо Насирдин, Алдар Көсөө, Толубай сынчы, Санчы сынчы, ырчылык өнөрдүн легендасына айланган Асан Кайгы, Кет Бука, Токтогул акындар алдыңкы мыкты акындарыбыз Арстанбек Буйлаш уулу, Калыгул бай уулу, Молдо Кылыч, Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Жеңижок ж.б. акындардын дээрлик баары санат, насыят, нуска ырларын ырдашкан. Мисалы,

Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында!

Сөздү айтып билимдүүгө кайрылам,
Сөздү билбес акмактарды не кылам.

Чогулткан байлык кетер суудай агып,
Жазуунун өмүрү узун күндөй жарык!

Адамзатты жаратты жандан артык,
Акыл, билим, өнөрдү берди калпып.

Ак пейил тилди, ойду кошо берди,
Жаркын жүз, жакшынакай келбет, өңдү.

Кудай сага сүйлөөрүңө берди тил –
Башың коргоп, сөздөрүңдү тескей бил!

Сөз бизге Кудай буйруп көктөн түшкөн,
Адамдын артыктыгы ушул сөздөн.

Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
(Жусуп Баласагын)

Атан төө мас болсо,
Тайлагы менен достошот.
Жаман киши мас болсо,
Жакыны менен касташат.
Аскар-аскар-аскар тоо
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да,
Сыйлашпасаң жат болот

Жапан-жупан кар жааса,
Жаш куурай башын көтөрбөйт.
Жаман эрден мал тайса,
Жаздыктан башын көтөрбөйт

Жакшыга дөөлөт келгенде,
Бой көтөрбөй пас болот,
Кылган иши саз болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот,
Күнүгө жаңжал чыгарып,
Катыны менен кас болот,
Пайдалуу иши аз болот (Токтогул Сатылганов).

Күнүгө алтын тапса да,
Акылсыз жигит байыбас
Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң (Арстанбек Буйлаш уулу).

Жер жүзүнө жайылып
Толуп чыккан аккан суу,
Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, Ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу.

Алты кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Адам менен Обону
Багып чыккан аккан суу.
Ала-Тоонун боорунан
Жарып чыккан аккан суу (Жеңижок).

Саналып өткөн санат ырларында акындар адамдар тууралуу, айлана-тегерек, дүйнө тууралуу акыл-насааттарын айтышкан. Көрүнүп тургандай, саптар уйкаштыгы, ыргактуулугу жагынан бири-бирине төп келип, мазмуну терең, философиясы маани-маңыздуу болуп, адамдарга, элге акыл, насаат айтылган жана эч кандай сюжеттик окуя орун алган эмес, анын ордуна адам, адамкерчилик, достук, гумандуулук, жакшылык, жамандык, жаштык, карылык, өмүр, өлүм сыяктуу категориялар насатталып айтылган. Акындар жеке тажрыйбаларын, турмуштук философиясын колдонуу менен таамай, мааниси терең сөздөрдү даанышмандык менен карай иргеп алышып, адамга жүрүм-турум эрежелерин тарбиялоо максатында ырдашкан.

Кайсы санат ырын албайлы кандайдыр бир мааниге ээ болуп, жөнү жок ыр болбойт, аны жаттап алып айтууга, жөн гана жамактатып, же уйкаштырып ырдай берсе санат, насыят ыры болбойт. Санат ырынын маани-маңызы терең болушу керек, адамдарды тарбиялоодо мааниге ээ болушу керек. Мындай ырды уккан адам жакшы менен жаманды, ак менен караны, оң менен терсти айырмалап түшүнүүгө, бул категорияларды айырмалап билүүгө жана булар адам турмушунда катар жүрөрүн үйрөнө алат десек болот. Мына ушул себептүү санаттарды айтууда акындардын акындык чеберчилиги, таланты билинип калган.

«Санат кыргыздын оозеки адабиятында өтө кеңири өнүккөн бир түрү. Санат ырлардын мазмуну турмуш - тиричилик жөнүндө философиялык ой жүргүзүп, жеткинчектерге турмуш салты, тиричилик эрежелери жөнүндө түшүнүктөр берип, акыл-насаат үйрөтүүгө, таалим-тарбия берүүгө курулган» - деп, фольклорист Т. Саманчин аныктама берип келип, аны айтуучуларды: «Ырчылардын өздөрү санатты «Калыс ыр», - деп баалашкан, анткени уруучулдук мазмунунда жана тенденциялык мүнөздө болгон кордоо, мактоо, айтыш ырларына караганда санаттарда элдин жалпы тиричилигиндеги, турмушу жөнүндө адилеттүү калыс пикирлер айтылып, идеялык мазмуну элдик багытта болгон» – деп бөлүп көрсөткөн [4, 31-б.].

Кыргыз фольклористтери Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов: “Санат жана насият ырлар деп адамдардын кулк-мүнөздөрү, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз караштары, адамгерчилик жобо жөнүндө көркөм элес, курч сөздөр менен акыл, насият иретинде (тарбиялоо максаты менен) айтылган терме ырларды айтабыз. Кыргыз турмушунда бул ырлар терме санат ырлар деп да аталып келген”– деген аныктамаларын беришкен [5, 35-б.].

Жанрдын аталышы да ар түрдүү пикирлерди жаралган, И. Арабаев, К. Карасаевдер деп, төрт саптан, алты саптан, сегиз, он саптан турган тарбиялык мааниси бар ырлар «терме санат ырлары» болот деп айтышса, Т. Саманчин “Санат ырлары ыр курулушу жагынан термеге жатат” – деп жыйынтык чыгарган. «Үлгү ырлар» деген аталыштар да учурайт.

Санат, насыят ырларын айтуучуларды фольклортаануучулар ар кандай аттарды ыйгарышкан, маселен, фольклорист К. Мифтаков санат-насыят ырларын айтуучу акындарды «кара ырчы-санатчы» деп атаган, Б. Кебекова «Ырчылар поэзиясында нускоочу акындар өтө жогору бааланат. Аларды кара ырчы-санатчы деп коюшат» – деп атаган. Ошондой эле, «Нускоочу ырчылар» деп да аталат, нускалуу ырларды турмуштан көрүп, билген, же уккан, же

сезип, туйган көрүнүш, кубулуштар тууралуу ой жүгүртүп жана андан жыйынтык чыгарган нерсесин нускалап ырдаган ырчыларды аташкан. Мисалы, Жеңижоктун:

Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башынан акыл жукпаган.
Ашыктык жайын биле албайт,
Албырып отко күйбөгөн.
Жар кадырын биле албайт,
Жаш кезинен үйлөнгөн.
Нар кадырын биле албайт,
Жетелеп төө тартпаган – деген ырын алып көрөчүчү, же болбосо, "Замана" деген ырында:

Бирөөгө кең, бирөөгө
Тар экенсиң, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө
Бар экенсиң замана.
Бирин кордоп, бирөөбүн
Мактап келдиң, замана.
Бирин атып, бирөөбүн,
Сактап келдиң, замана.
Бирин ысык-суукка,
Кактап келдиң, замана.
Атанын уулун ачкадан,
Карыштырдың замана.
Ар жерге айтып жүрүүдөн,
Намыс кылдым замана.
Акыйкат менен чындыкты,
Алыс кылдың, замана!..

– деп, замананын кандайлыгын адамдардын билүүсүн нускалап ырдаган. Өзү сезип, туйган турмуш чындыгын, философиялык түшүнүгүн, ошондой эле, дүйнө таанымын жаратуучулук менен адамдарга жамактатып, нускалап айтып берген. Ырдын мазмунунан эч кандай сюжеттик өзөк окуя, каарманды таба албайбыз, алардын ордуна дидактика, этнопедагогиканын элементтери орун алган.

Терминдин өзүнө кайрыла турган болсок, кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: "Санат I зат. 1. үлгү болорлук, сабак болорлук насыят сөз. Улуу адамдардын санат сөздөрү – дегенди билдирет» - деп айтылган. Элдик оозеки чыгармачылыктагы, же акындардын санат, насыяттарын алып көрсөк, дал ушул идея орун алгандыгы ачык болот.

Санат, насыят ырлардын тарбиялык, эстетикалык кызматы идеалдуу маанини жараткандыгында, жакшы менен жаманды, оң менен терсти, бийиктик менен төмөндүктү, кайгы менен кубанычты карама-каршы салыштырып беришинде болгон. Мисалы,

Булбул үнүн эшитпей,
Буралып гүл ачылбайт,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүк үнүн эшитпей,
Күн жайланып ачылбайт.

Күйүттүү болгон адамдын
Күндө үнү басылбайт.
Боло турган азамат
Болоттон кылыч байланып,
Жоого тийсе, сүрү бар.
Тамды тешээр уурунун
Сабы кыска чоту бар.
Боло турган жигиттин
Жүрөгүндө оту бар. (Калыгул Бай уулу)

Акын адам акылдуу, билимдүү болуу керектиги, ар бир адам алдына максат коюп жашаганга үндөгөн үлгү ырларын санаттап, насыяттап, адамдарды тарбиялоо максатында үлгү, нуска сөздөрдү колдонуу менен мааниси терең ойлорду айта алган. Мына ушундайча Калыгул Бай сыяктуу акындар санат, насыят ырларын байытып, өнүктүрүп жана сактап келишкен.

Акындар санат, насыят термелеринде адамды эли-жерин сүйүү, кооздук сулуулукту сезе билүү, жаман адаттардан качуу сыяктуу сапаттарга тарбиялоо менен катар жакшылык менен жамандыкты, ак менен караны ажырата билүү сыяктуу элдик философияны элге алып чыгышкан. Санат терме жөн жерден жаралбайт деп айтылгандай, эл арасынан чыккан ырчылар, элдик акындар учкул сөздөрдү, афоризмдерди, макал-лакаптарды, акылман-ойлорду, терме ырлардын эстетикалык деңгээлинде кайрадан иштеп чыгышкан жана улуу муун кичүү муунга таалим-тарбия берүүдө өз ролун ойношкон.

Ар бир ырдын өзүнө мүнөздүү баскычы, типологиялык өзгөчөлүгү, мезгилге жараша элдин ой жүтүртүүсү, мезгил жана мейкиндик түшүнүгү, улуттук эпикалык поэтика сыяктуу белгилери болот. Сюжетке ээ болбогондугу, көлөмүнүн чакандыгы, композициялык түзүлүшүнүн жөнөкөйлүгү, каармандарынын катышпагандыгына карабастан өз доорунун чындыгын, турмуштук көйгөйлөрүн, философиясына чейин өз ичине камтыйт. Мындай ырлар конкреттүү тарыхый шартта жаралып, толукталып, жанр катары өнүгүп келген жана узак тарыхый эволюцияны башынан өткөргөн. Мына ошондуктан тематикасы бай жана идеялык мазмуну ар түрдүү жана эң башкысы кыргыз элинин дүйнө таануусун, дүйнө түшүнүгүн чагылдырып бере алат.

Жыйынтыктап айтканда, коллективдүү чыгармачылыктын негизинде жаралып, ырчылардын, акындардын жеке табылгаларынын натыйжасында жаңыланып, толукталып, үлгүлүү жанрга өсүп жеткен. Санат-насыят ырлары элдин көз карашын, үмүт-тилегин, ой-толгоолорун, көчмөндүк цивилизациясын санаттап, насыяттап, нускалап ырдоо жеткирген баалуу көркөм мурас.

Атайын калыптанган мектептен жаралган санат, насыят ырлардын изилдене элек жактары али көп, акындардын ырларын албаганда да, “элдик” деп, сакталып келген санат-насыяттардын изилденүүчү жактары арбын, экинчиден, кыргыз элинин дүйнө түшүнүгүн таанып-билүүгө жардамдаша алат. Мына ошондуктан, санат-насыят ырларынын поэтикасын, ар бир акындын поэтикалык табылгасын изилдөө керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – [Текст] / – Фрунзе: Илим, 1973. – 732 б.

2. Санат, насыят жана эмгек ырлары («Эл адабияты» сериясы). – [Текст] / – Бишкек: Шам, 2003. – 364 б.

3. Санат, насыят жана эмгек ырлары («Эл адабияты» сериясы). – [Текст] / – Бишкек: Шам, 2003. – 364 б.

4. Репрессияланган адабият: Тазабек Саманчин. – [Текст] / – Бишкек: Принтэкспресс, 2023. – 624 б.

5. Байжиев.Т., Бектенов. З. Кыргыз адабияты (8-класстар үчүн). – Т. Байжиев, З. Бектенов. – [Текст] / – Бишкек: 1949. – 194 б.

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Асакеева Д.Ж.**